ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

**АЙТБАЕВ А.А.**
**ИМАНКОЖОЕВ Т.А.**
**lib.knu@mail.ru**

# КЫРГЫЗ ЭТНОСУНУН МЕНТАЛИТЕТИНИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА АНЫН ӨНҮГҮҮ БАСКЫЧТАРЫ

Кыргыз этносунун менталитетинин өзгөчөлүктөрүн изилдөө «менталитет», «кыргыз менталитети», «капиталистик эмес өнүгүү жолу»,»демократиялык коом» түшүнүктөрүн тыкыр талдоо талабын коет,- анткени аталган түшүнүктөр кыргыз элинин мурдагы жана азыркы коомдук тарыхы менен тыгыз байланышкан.

Менталитет дегенибизде биз адамдын акыл - эс дараметин, коомго болгон мамилесинен пайда болгон жүрүш-туруш нормаларын, сезимдик-психологиялык сапаттарын түшүнөбүз. Менталитет-бул белгилүү бир доордо, географиялык жана коомдук чөйрөдө жашаган жалпылыктын дүйнөгө болгон өзгөчө көз карашы. Өзгөчө ой-жүгүртүүнүн, өзгөчө менталитеттин калыптанышы ар кыл салгардын, маданияттын, социалдык жана саясий структуралардын жашашы менен шартталган. Менталитет адамдын коомдук-психологиялык мүнөздөмөсү катары өз ичине сезимдүү жана бей-аң көрүнүштөрдү, таанып билүүнүн тарыхыйлуулук жана логикалуулук, эскичилдик жана жаңычылдык, абстрактуулук (жалпылык) жана конкреттүүлүк (жекелик) методдорун, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарын камтыйт.

Менталитет өзүнүн өсүп-өнүгүү процессинде ар кандай баскычтарга ээ болот. Бул өңүттөн алып караганда анын төмөнкү баскычы - кадимки, турмуштук, күнүмдүк аң сезим. Буга ар кандай каада - салттар, ырым — жырымдар, жөрөлгөлөр кирет.

Ал эми анын жогорку баскычына илимий аң сезим менен идеологияны киргизсек болот. Азыркы саясий жана философиялык адабияттарда менталитеттин төмөнкүдөй түрлөрүн ажыратып жүрүшөт:

1. Жеке, же өздүк менталитет.
2. Топтук менталитет
3. Улуттук менталитет
4. Цивилизациялык (тарыхый өсүп-өнүгүүдөгү, коомдун ар кандай баскычтарындагы) менталитет.

Өздүк, же жеке менталитет катары индивиддин (коомдун жеке бир өкүлүнүн), инсандын акыл - эс, ой курамын, дүйнөгө болгон өзгөчө көз карашын түшүнсөк, топтук менталитеттин өзөгүн ар кыл социалдык топтордун жана таптардын дүйнө кабылдоосу жана таанымы түзөт. Топтук жана таптык өзгөчөлүктөргө карата менталитет төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт: а) аялдардын, эркектердин, балдардын, өспүрүмдөрдүн, ар кандай кесиптиктердин, жаштардын, карыялардын ж.б. менталитети; б) байлардын,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

кедейлердин, эзүүчүлөрдүн, эзилүүчүлөрдүн, жогорку, орто, төмөнкү таптардын менталитети ж.б.

Этностун менталитети деп биз тигил же бул улуттун аң-сезиминин бөтөнчүлүгүн түшүнсөк болот. Улуттук аң-сезим-бул ар кандай географиялык жана социалдык чөйрөдө жашаган улуттун социалдык, саясий, экономикалык, нравалык, эстетикалык, этикалык, философиялык, диний көз караштарынын жыйындысы жана рухий деңгээли. Улуттук аң-сезим материалдык жана идеалдык факторлордун (негиздер) чагылып көрүнүшү катары эки түрдүү формада жашайт:

1. предмет, зат түрүндө-каада-салттарда, ырым-жырымдарда, материалдык маданияттын түрлөрүндө, технологияда, тиричиликте жана үй буюмдарында, кийимдерде, искусствонун чыгармаларында;

2. коомдук, улуттук мамилелерди чагылдырган көз-караштарда.

Цивилизациялык менталитетке азыркы учурда анын төмөнкүдөй түрлөрүн киргизип жүрүшөт: а) формациялык (коомдук баскычтар) белгилер боюнча: алгачкы общиналык, кул ээлөөчүлүк, феодалдык, капиталисттик, коммунистик; б) маданият боюнча: батыштык, чыгыштык, европалык, азиялык, евразиялык, америкалык, африкалык ж.б; в) тарыхый доорлор боюнча: агрардык, (айыл-чарба) индустриялык (өндүрүш, өнөр-жай) постиндустриялык (илимий-технологиялык өндүрүш); г) мамлекеттик түзүлүш жана саясий режимдер боюнча: ачык, жабык, демократиялык, тоталитардык, авторитардык ж.б:

Кыргыз менталитети дегенибизде объективдүү жана субъективдүү шарттар, алмустактан бери келе жаткан каада-салттар, адаттар менен байланышкан кыргыз элинин ой курамын, акыл-эс тутумун, ой жүгүртүү ыкмасын, дүйнө тааным өзгөчөлүгүн түшүнөбүз.

Кыргыз элинин менталитетин изилдөөдө аны кошуна мамлекеттердин жана элдердин тарыхынан тышкары кароо мүмкүн эмес,-себеби кыргыздар өзүнө ар түрдүү цивилизациялык агымдарды сиңиришкен. Буга мисал катары кыргыздардын көптөгөн элдер, расалар, маданияттар, диндер менен бейкуттукта жана ынтымакта жашаганын көрсөтсөк болот. Ошондуктан кыргыз менталитети Чыгыш менен Батыш жана көчмөн маданияттарынын жуурулушунан чыккан, башынан эле ачыктык жана толеранттулук (сабырдуулук) менен сугарылган көз караш десек жаңылышпайбыз.

Кыргыздардын уюмдашуусунун алгачкы жана эң жөнөкөй формасы болуп уруучулук түзүлүшү эсептелет. Кыргыз энциклопедиясынын алтынчы томунда (1980-ж,189 - 190 беттер) урук (род манисинде)-бир тукумдан тарап, өздөрүнүн тегин бир деп эсептешкен жана уруктук жалпы атка ээ туугандар тобу, ал эми уруу (племя) - таптык коомго чейинки этностук (элдик) жана социалдык уюмдар тиби деп мүнөздөйт.

Бул учурда кыргыз менталитети мифтик түшүнүктөр менен катар (теңирчилик, адамдарды жаратылыш менен түспөлдөштүрүү) уруучулукту даңазалаган каада-салттарга, жөрөлгөлөргө, адаттарга жык толгон. Мындай менталитет эч ким тарабынан ойлонуп табылган жана иштелип чыккан эмес,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ал миф менен туруктуу жашаган адаттардын, салттардын негизинде пайда болгон.

Кийин, алгачкы общиналык коомдун кыйрашы, феодалдык коомдун түптөлүшү менен кыргыздардын коомдук уюмдашуусунун жаңы формасы-эл жалпылыгы пайда болду. Жаңыдан пайда болгон кыргыз элинин орто кылымда эле жалпы территориясы, ар кандай диалектилерге (өзгөчөлүктөргө) бай жалпы тили, жалпы маданияты, бирдей салттары, бирдей турмуш мүнөзү калыптана баштаганын, ошону менен эле бирге көз карандысыздык, үчүн болгон күрөштө кыргыздардын чачыранды урууларды бир мамлекетке бириктирүүгө аракет кылгандыгын тарых айгинелейт.

Феодалдык доордо кыргыздардын менталитетинде мифтик түшүнүктөр толук үстөмдүгүн жоготуп. диндик көз караштарга жана оозеки элдик чыгармага ажырап кеткен. Эгерде дин бул доордо дүйнөнү таанып билүүнүн «ыйык китепке» (куран) таянган бирден-бир каражаты болсо, ал эми оозеки элдик чыгарма диндик жөрөлгөлөр менен сугарылган, патриархалдык – феодалдык турмушту, уруучулукту даңазалагандан кутула албаган «жарымы төгүн, жарымы чын» (С. Каралаев) уламыштардан турган.

Бирок ошол эле уламыштар кыргыздардын феодалдык доордо эле башка элдерден өзүлөрүнүн көчмөндүк маданияты, нормативдүү системасы (үрп -адаттар, каада - салттар, моралдык, диндик, укуктук нормалар) жана жарандык коому менен айырмаланган, өз территориясына ээ болгон, өз салттарына жана уруу аксакалдарына, хандарына баш ийген, согуштук демократиянын негиздерин колдоно алган, өз алдынча жашаган эл экендигин баяндайт.

Кыргыз менталитетинин кийинки өзгөчөлүгү Советтик доор менен байланышкан. Кыргыз эли капитализмди аттап, түздөн - түз феодализмден социалисттик формацияга өткөндүктөн, кыргыз менталитетинде буржуазиялык, капиталистик, либералдык көз - караш орун алган эмес. Мына ушуга байланыштуу улуттук аң сезимди калыптоо, улуттук мамлекетти түзүү совет бийлигинин озуйпасы болуп калды.

Совет бийлигинин жылдарында кыргыздарда жекеликке (өзгөчөлүккө) жана жалпылыкка ээ болгон менталитет пайда болду. Кыргыздар бир жагынан өзүн байыркы, өз алдынча жашаган, башка республикалардан айырмаланган эл катары сезсе, экинчи жагынан улуу держąванын, бирдиктүү мамлекеттин ажырагыс бөлүгү катары баамдоочу. Кыргыз эли эл аралык мамилелерде совет адамы (гомосоветикус) деген ат менен белгилүү эле. Чет элдик адабияттарда белгиленгендей, совет менталитетинин негизин евразиячылык (түгөйлүү маданият, жалпы менчик, биргелешүү, мамлекеттин үстөмдүгү, патриоттуулук) жана социоборборчулук (өз ара жардам, коллективдүүлүк, социалдык теңдик) түзгөндүгү белгилүү.

Совет мезгилиндеги менталитеттин терс жагына кыргыз менталитетиндеги көөнөрбөс салттардын, адаттардын унутулушу, жаңы салттарды, жөрөлгөлөрдү иштеп чыгуу шылтоосу менен кыргыздын турмуш шартына туура келбеген батыш баалуулуктарын зордоп киргизүү

аракеттерин киргизсек болот. Мындай көрүнүш өз маданиятын жериген, улуттук сыймыгын, ар-намысын жоготкон, көлөкөсүнөн корккон маңкурттарды пайда кылды.

Азыркы илимий жана публицистикалык материалдарга таянып, совет менталитетинин төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн белгилөөгө болот:

1. Өндүрүштүк жана коомдук ишмердикте жекечиликтен, өз алдынчалыктан, инсандыктан баш тартуу, «мен» деген түшүнүктү жокко чыгаруу менен «биз» деген түшүнүктүн маанисин көкөлөтүү;
2. «Биз» деген түшүнүктү танган адамдарды жек көрүүчүлүк менен кароо;
3. Бардар турмушту, материалдык байлыкты башка адамдарга карата ыймансыздык, нысапсыздык, теңсиздик катары сезүү;
4. Саясий аң сезимдин жетишсиздигине байланыштуу укуктарга жана укук институттарына болгон кош - көңүл мамиле, өз укуктарын коргой албоо;
5. Инсандыктын, өз алдынчалыктын жоктугунан келечекке ишенбегендик менен кароо, коомдук өзгөрүү жана бийлик алмашуу мезгилинде өзүн - өзү жоготуп коюу;
6. Партияга, өкмөткө, алардын жетекчилерине болгон сыйынуу, - жетекчиликтин айткан сөздөрүн, жасаган иштерин мыйзам ченемдүү көрүнүш деп эсептеген фаталисттик көз караш.

Бирок социалисттик формациянын алкагында кыргыз менталитетинин өнүгүсү терс таасирлер менен гана чектелген жок, ага тийгизген оң таасирлер да болду. Буга мисал катары элдин экономикалык жана рухий жактан артта калуусун эң кыска убакыттын ичинде жоюну, таптардын арасындагы эзүүнү жоготууну, сабатсыздыкты жоюу менен жалпы орто жана жогорку билимге жетүүнү, акысыз окутууну жана дарылананууну, жумушсуздукту кескин кыскартууну, илимге, билимге кенен жол ачууну, аялдардын укуктарын кеңейтүүнү жана аларды коргоону, өнөр-жайдын жана айыл - чарбанын жаңы тармактарын түзүүнү карасак болот.

Кыргыз менталитетинин өнүгүшүндөгү дагы бир этап мурдагы СССР дин урашы, кыргыз элинин демократиялык коомду курууну тандап алуусу менен байланыштуу.

Тарых тастыктагандай, азыркы демократиялык коом - бул экономикалык, саясий, рухий эркиндиктерди, саясий плюрализмди (көп жактуулукту), экономикадагы ар түрдүү менчикти, мыйзамдардын үстөмдүгүн, адамдардын укугун коргоону, жарандык коомдун өнүгүүсүн, социалдык- таптык өзгөчөлүктөргө таянган рынок экономикасын иштеп чыгууну жана ошол экономикага ылайык калыптанган менталитетти талап кылган коом. Кыргызстандагы демократиялык коомду куруунун тажрыйбасы анда көптөгөн объективдүү жана субъективдүү кыйынчылыктардын бар экендигин ачып көрсөтүү.

Объективдүү кыйынчылыктар катары мамлекеттик - капиталисттик, чет элдик жана майда капиталисттик менчиктердин асман менен жердей айырмаларын, мамлекеттен ажыратылган ишканалардын майнапсыздыгын, фермердик чарбалардын али калыптанбагандыгын, орто жана чакан

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ишканалардын көбөйбөй жаткандыгын, жумушсуздук менен миграциянын жана инфляциянын жогорку деңгээлин, банк жана салык, бажы системасындагы мүчүлүштөрдү, кадр системасындагы реформалардын жүргүзүлбөгөндүгүн карасак болот.

Ал эми субъективдүү кыйынчылыктарга экономиканы «рынок өзү жөнгө салат» деген жалган ишенимди, коомдук аң-сезимдин даяр эместигин эске албастан экономикалык жана саясий реформалардын жогорку жактан шашылыш жүргүзүлүшүн, коомдук тартиптин төмөндөшүн, өзү билемдиктин күчөшүн, уруучулуктун жана сепаратизмдин (бөлүнүү, жарылуу) жанданышын, экономикалык кризиске жана коррупцияга каршы бийликтин алсыздыгын, адамдардын саясатка жана реформаларга болгон ирээнжүүсүн киргизсек болот. Мындан тышкары субъективдүү кыйынчылыктарды социалисттик идеяларга тиешелүү болгон культтук (жеке адамга сыйынуу) аң-сезимдин сакталышы, теңдемечилик психология сыяктуу баалуулуктар толуктап турат десек жаңылышпайбыз.

Коомдук өнүгүүнүн объективдүү мыйзамдарын таануу, анын субъективдүү мыйзамдарынын себебин талдабоо, коомдун эски социалдык-экономикалык структурасын күч колдонуп өзгөртүүдө коммунисттик режимдин каталарын кайталоо, өткөөл мезгилдин өзгөчөлүктөрүн билбөө демократиялык коомдун принциптеринин(деформацияланышына) бузулушуна алып келди.

Пландаштырылган, административдик-мамлекеттик, социалисттик экономикадан рынок экономикасына өтүүдөгү эң чоң кемчиликтердин бири катары менчикти мамлекеттен ажыратууну жана анын жолдорун карасак болот. Кыргыз элинин менталитетинде, анын салтында жеке менчик түшүнүгү жана тажрыйбасы жокко эсе болгондуктан, менчикти мамлекеттен ажыратуунун алгачкы этабында негизги басым эмгек коллективдерине, коллективдүү-акционердик (биргелешкен - улуштук) ишкердикке жасалган. Бирок жеке менчикке өткөн ишканаларда мамлекет тарабынан таптакыр көзөмөл жок болгондуктан, бул ишканалардын бардык үлүштөрүнө алардын мурдагы жетекчилери, алардын туугандары жана жакындары ээ болуп калышты. Ал эми карапайым жумушчулар чарбага болгон мурдагы укутарынан толук ажырап сызга отуруп калды.

Ушундай эле ыкма айыл-чарбаны реформалоодо да колдонулду. Кыска эле убакыттын ичинде мурда өндүрүмдүү иштеп келе жаткан көптөгөн колхоздор жана совхоздор таратылып, алардын ордуна майда дыйкан чарбалары түзүлдү.Бул чарбалар уруучулук негизде түзүлүп, алардын жетекчилери болуп мурдагы колхоз-совхоз активдери шайланышты жана алар жерди жеке менчикке берүүдө, колхоз-совхоз байлыктарын, малды, техниканы бөлүштүрүүдө тууган-уруктарына, жакын санаалаштарына жан тартышты. Натыйжада айылда жашабаган, чарбага эч тиешеси жок адамдар да менчикке ээ болуп калышты. Ал эми ошол айылдын нукура тургундары эптеп-септеп алган арык-торук жерин иштете албай, жаңыдан пайда болгон байларга кул болууга, жерин, арендага (ижарага) берүүгө аргасыз болушту.

Жогоруда аталган терс көрүнүштөр приватизазациянын (менчикти мамлекеттен ажыратуу) туура эмес болгондугун, бул процесс элдин кызыкчылыгын эмес, мамлекеттик кызматкелердин кызыкчылыгын жактап, элдик-демократиялык жол менен эмес, аппараттык (номенклатуралык) жол менен кеткендигин далилдейт.

Менчиктин бийликтен бөлүнбөгөндүгү, номенклатуралык - буржуазиялык таптын б.а. бир монополисттин (кожоюндук) топтун пайда болушу орто жана чакан ишканалары бар, өз эмгеги менен күн көргөн жарандардын ынтыз|арлыгын өчүрдү жана «жапайы» капитализмдин, коррупциянын (кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу) гүлдөшүнө шарт түздү.

Жогорку айтылгандарга байланыштуу азыркы учурда биз кыргыз менталитетиндеги терс көрүнүштөрдөн арыла алабызбы, деген мыйзамдуу суроо туулат. Ан үчүн элдин таланган, мыйзамсыз тартылып алынган байлыктарын кайтарып берүүгө, мамлекеттик, кооперативдик жана жеке менчиктин конкуренттүүлүгүн (атаандаштыгын) күчөтүүгө, рынок экономикасындагы жекелик(англо-саксондук модель) жана коллективдүүлүк (азиялык модель) принциптерин айкалыштырууга, рынок мамилелерин жөнгө салууда мамлекеттин ролун жогорулатууга, мамлекеттик бийликтеги, Жогорку кеңештеги, кадр маселесиндеги, шайлоо системасындагы кечиктирилгисиз реформаларга багытталган иш-чаралар талап кылынат.

Марксизм үйрөткөндөй, коомдук-экономикалык формациялардын алмашышынын ырааттуулугу жана өзгөчөлүгү өндүрүш жолунун-өндүргүч күчтөрү менен өндүрүш мамилелерининин өзгөрүлүшүно байланыштуу. Алардын ортосундагы ички байланыштар жана ички карама-каршылыктар өндүрүш мамилелерининин өндүргүч күчтөрүнүн мүнөзүнө жана денгээлине дал келүү закону менен чагылдырылат.

Бирок бул закон ченемдүүлүк капиталисттик эмес жол менен өнүгүүнүн шартында ; (капитализмди аттап, түздөн-түз социализмге өтүү) өзгөчөлөнүп көрүнөт;коомдук мамилелердин жогорку социалисттик формасы өндүргүч күчтөрдүн төмөнкү баскычына туш келет. Бул- өндүрүштү жөнөкөй эмгек куралдарынын базасында коллективдүү түрдө уюштуруу мүмкүнчүлүгү менен шартталат. Ошондуктан капиталисттик эмес ; жол менен өнүгүүнүн маанилуу талабы - өндүргүч күчтөрүнүн төмөнкү денгээлин : социалисттик өндүрүш мамилелери талап кылган бийиктикке көтөрүү болуп саналат.

Патриархалдык уклад (өндүрүш жолу) социалисттик укладга түздөн-түз кайра өзгөрүлүшү мүмкүн эмес, себеби кооперациянын (ирилештирүү) эн жөнөкөй формасы да (мисалы, керек-жарак-сатуу) товардык мамилелердин ; белгилүү бир денгээлде өнүтүшүн талап кылат. Ошондуктан, адегенде патриархалдык укдадды майда товардык укладга, андан кийин майда товардык укладды коопертивдик укладга кайра өзгөртүүгө туура келди. Бул, албетте, : сезимдүүлүк менен өндүрүштүн өткөөл мамилелерин туюу жана колдонуу дегендикке жатат.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Капиталисттик эмес өнүгүү жолундагы өткөөл мамилелерге феодалдык менчикти конфискациялоону (улутташтыруу) жеке дыйкандардын чарбасын коллективдештирүүнү (жерди биргелешип иштетүү (ТОЗ), универсалдуу кооперативдерди (керек-жарак, кредит, жабдуу, өнөр жай), артелди (колхоз) киргизсек болот.

Капиталисттик эмес өнүгүү жолунда (социалисттик доордо) кыргыз эли социалдык- экономикалык, рухий жактан чоң ийгиликтерге ээ болду. Совет бийлигинин жылдарында, өндүрүш, курулуш, жол-каттам, байланыш жана көптөгөн жаңы экономикалык тармактар кайрадан түзүлдү.

Айыл чарбасы жалаң гана мал чарбачылыкка багытталган бир жактуулугунан кутулуп, көп тармактуулукка жол ачты. Сабатсыздыкка каршы айгышкан күрөш жүрүп, элдин кендирин кескен, өмүрүн кыскарткан массалык ооруларга жалпы мамлекеттик деңгээлде чабуул коюлду. Мектептердин, орто жана жогорку окуу жайларынын, маданият жана саламаттык сактоо ишканаларынын саны мурда болуп көрбөгөндөй көбөйдү, илим, адабият, искусство дүркүрөп өстү.

Кыскасы, капиталисттик эмес өнүгүү жолу кыргыздарды индустриялык цивилизациянын баскычына алып келди жана алардан бир кыйла мурда өнүгүп кеткен өлкөлөр менен тең ата кылды. Ошондуктан биз азыр анын алгылыктуу жактарын жерибей, азыркы коомубуздун өнүгүшүндө пайдалануубуз зарыл.

**Адабияттар:**

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические историко-культурные связи. - Фрунзе, 1990.
2. Ахмедова М.М. Некапиталистический путь: некоторые проблемы теории и практики. - Ташкент, 1976.
3. Айтбаев А.А. Менталитет кыргызского народа: теория и практика. - Бишкек, 2006.
4. Гачев Г.Д. Национальные образы мира. – М., 1998.
5. Кулматов Н.К. Уруучулук (Трайбализм). - Бишкек, 1999.